DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2020

***ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР***

***ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***LEGAL SCIENCES***

*Батырканов Н.М.*

# МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТА БОЛУУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ МИЛДЕТТЕР МЕНЕН ЧЕКТӨӨЛӨРДҮН УКУКТУК ТАБИЯТЫ ЖАНА МАҢЫЗЫ

*Батырканов Н.М.*

# ПРАВОВАЯ ПРИРОДА И СОДЕРЖАНИЕ ОБЯЗАННОСТЕЙ И ОГРАНИЧЕНИЙ СВЯЗАННЫЕ С ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБОЙ

*N.M. Batyrkanov*

# LEGAL NATURE AND CONTENT OF OBLIGATIONS AND RESTRICTIONS RELATED TO PUBLIC SERVICE

*УДК: 342.9(575.2) (043.7)*

*Ушул макалада Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка байланыщтуу чектөөлөр системалуу түрдө каралган. Чектөөчү укуктар мамлекеттик кызматчылардын аткарып жаткан мамлекеттик иштин иш милдети менен кызматтык ыйгарым укуктарына байланыштуу, жанада өзгү милдеттендирүүчү чектөөлөрдө жатат. Өзгөчө белгилөөчү нерсе, мамлекеттик кызматка байланыштуу чектөөлөр мамлекеттик кызматчылардын ачык-айкын ишмердик кылышына шарт түзөт жана Кыргыз Республикасында мамлекеттик кызматтын эффективдүүлүгүн арттырат. Мамлекеттик кызматтын иштөөсүнүн спецификасы мамлекеттик кызматкерлерге карата атайын талаптардын бар болуусу менен мүнөздөлүүчү, өзгөчө укуктук режимдин пайда болушун өбөлгөлөйт. Муну менен катар, мамлекеттик кызматкерлер, биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын жарандары болуп туруп, конституцияда бекитилген жалпы жарандык милдеттердин (салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө, аскердик кызмат өтөө, Ата мекенди коргоо ж.б.) бирөөсүнөн дагы бошотулбайт.*

***Негизги сөздөр:*** *укуктук, аттестация, мамлекеттик жарандык кызматчы, муниципалдык кызматкер, милдеттендирүү, чектөөлөр, укуктук мамилелер, кызматтык жөнгө салуу, укуктук жөнгө салуу, мамлекеттик кызматкер.*

*В настоящей статье системно рассматриваются ограничения, связанные с государственной гражданской и муниципальной службой в Кыргызской Республике. Право ограничения государственных служащих обусловлены спецификой выполняемых ими государственных функций и служебных полномочий и заключаются, в основном, в ряде запретов для государственных служащих. Важно отметить, что ограничения, связанные государственной службой, создаст условия для честного исполнения служебной деятельности государственных служащих и обеспечить эффективность государственной службы в Кыргызской Республике. Специфика функционирования государственной службы стимулирует появление особого правового режима, характеризующегося наличием специальных требований к государственным служащим. Наряду с этим, государственные служащие, в первую очередь, являются гражданами Кыргызской Республики и несут ответственность за выполнение закрепленных Конституцией общегражданских обязанностей (уплату налогов и других платежей, прохождение военной службы, защиту Отечества и т.д.).*

***Ключевые слова:*** *правовой, аттестация, государственный гражданский служащий, муниципальный служащий, обязанности, ограничения, правоотношения, служебное регулирование, правовое регулирование, государственный служащий.*

*In this article the institute of an assessment and certification of the government civil servant and local government officer of the Kyrgyz Republic systemically are considered. As a result of the complex and comparative analysis a number of organizational and legal measures on enhancement of institute of an assessment of the government civil servant and local government officer of the Kyrgyz Republic is proposed. The specifics of the functioning of the civil service encourage the emergence of*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*a special legal regime characterized by the presence of special requirements for civil servants. At the same time, civil servants, first of all, are citizens of the Kyrgyz Republic and are responsible for performing the General civil duties stipulated by the Constitution (paying taxes and other payments, performing military service, protecting the Fatherland, etc.).*

***Key words:*** *legal, certification, state civil servant, municipal employee, duties, restrictions, legal relations, service regulation, legal regulation, civil servant.*

Укуктук мамилелердин субъектилеринин укуктары менен милдеттери дайыма бирге жүрүүчү категориялар болгондуктан, укуктук мамиленин бир катышуучусунун ар бир укугуна башка катышуучунун конкреттүү милдети туура келет. Укуктар менен милдеттердин бүтүндүгү принцибинин бар болуусун теориялык-укуктук ой төмөнкү ырастама менен чагылдырган: “Милдетсиз укук болбойт жана укуксуз милдет болбойт”. Укуктун ар бир субъектисинин, анын ичинде мамлекеттик кызматкердин дагы, укуктук макамынын реалдуулугу мамлекет тарабынан кепилдендирилет жана анын бүткүл мажбурлоо күчү менен камсыздалат. Тийиштүү ыйгарым укуктар  бар болгондо гана кызматтык милдеттерди аткарууга мүмкүн болот. Өз кезегинде, мамлекеттик кызматкерлер ээ болуучу укуктар бекитилген милдеттер менен бирге жүргөндө гана реалдуу болот.

Укуктар менен милдеттердин бүтүндүгү төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт: биринчиден, укуктар дагы, милдеттер дагы инсандын жүрүм-турумундагы укуктук багыт болушат; экинчиден, алар бирдей ченемдик бекитилген, камсыздалган жана кепилдендирилген; үчүнчүдөн, укуктук макамдын мазмунун укуктар менен милдеттерди комплекстүү анализдөөдө гана толук ачыктоого мүмкүн; төртүнчүдөн, укуктар менен милдеттердин тандеми гана укуктук мамилелердин мазмунун түзө алышат.

Демек, мамлекеттик-кызматтык мамилелердин субъектиси катары мамлекеттик кызматкердин укуктары менен милдеттери, биринчиден, атайын ченемдик жөнгө салууга, экинчиден, өздүк мазмунга ээ.

Мамлекеттик кызматка келүү мамлекеттик кызматкерге тийиштүү укуктарды берүү менен эле эмес, ошондой эле ага кызматтык милдеттердин комплексин артуу менен дагы байланыштуу болот. Кызматтык укуктар менен милдеттердин жыйындысы мамлекеттик кызматкердин укуктук макамынын мазмунун ачыктайт. Мамлекеттик кызматкердин жалпы кызматтык милдеттери Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамы менен аныкталган жана тийиштүү кызматтык инструкциялар менен конкреттештирилген [2].

Белгилүү бир иш-аракеттерди аткаруу зарылдыгы катары түшүнүүчү, мамлекеттик башкаруу тармагындагы милдеттер конкреттүү мазмун менен толтурулат. Профессор Д.Н. Бахрахтын оюу боюнча, милдет – бул ар бир мамлекеттик кызматтын негизги элементи. Бул милдеттерди аткаргандыгы үчүн, мамлекеттик кызматкерге бийликтик ыйгарым укуктар, акчалай сыйлоолор, ар кандай жеңилдиктер берилет [4, 367-б.]. А.Ф. Ноздрачев, милдеттерди конституция менен негизделген, мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын аткарууну камсыздоо боюнча кесиптик ишмердүүлүктүн маңызын түзүүчү, мыйзамдар жана башка укук-ченемдик актылар менен орнотулган милдеттүү түрдө тутумдуу аткарылуучу функциялар (негизги иш-аракеттер) катары аныктаган [7, 367-б.].

Биздин көз карашыбызда, мамлекеттик кызматкерлердин милдеттеринин маңызын казак окумуштуу, укук таануучу Л.Т.Жанузакова толук ачыктай алган. Ал мамлекеттик кызматкерлердин милдеттерин зарыл болгон учурларда мамлекеттик мажбурлоо чаралары менен камсыздалуучу, ээлеген кызматынын деңгээлине жараша мамлекеттик милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча кесиптик ишмердүүлүктүн тармагы менен негизделген, мамлекеттик кызматкердин зарыл болгон жүрүм-турумуна карата мамлекеттин расмий талабы катары аныктаган [5, 67].

Укуктук мамиледеги укуктар менен милдеттердин өз ара негизделгендигине таянуу менен, мамлекеттик кызматкерлердин кызматтык милдеттерин төмөндөгү топторго бөлүү аркылуу, бар болгон классификацияны толуктоону сунуштайбыз:

а) мамлекеттик кызматкерлер тарабынан мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген иш-аракеттердин жасалышынын зарылдыгын орнотуучу милдеттер:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2016-жылдын 30-майында №75 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамынын 26-беренесинде орнотулган тартипте, мамлекеттик кызматкердин антын берүү. Анттын мазмуну мамлекеттик кызматка келип жаткан жаран өзүнө жогорку жоопкерчиликти алгандыгын күбөлөндүрөт. Мамлекеттик кызматкердин анты: мамлекеттик кызматтын кызмат ордуна киришип жатып жана Кыргызстан элинин алдындагы өзүмдүн жогорку жоопкерчилигимди сезүү менен: Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын ыйык сактоого, өз

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ишмердүүлүгүмдө мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк принциптерин гана кармануута, өзүмдүн милдеттеримди так жана чын дилимден аткарууга жана Кыргызстан эллине эң жакшы билим жана каалоолор менен кызмат кылууга, мамлекеттик кызматкердин этикасынын кодексинин ченемдерин сактоого ант беремин.

• Мамлекеттик кызматкердин жеке кызыкчылыктары анын кызматтык ыйгарым укуктары менен кесилишкен же карама-каршылыкка кирген учурларда түздөн-түз жетекчиликти кечиктирилгис маалымдоо. Мыйзамдарда мындай учурларды кызыкчылыктардын конфликтиси деп аташат. Кызыкчылыктардын конфликтиси Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2016-жылдын 30-майында №75 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамынын 9-беренеси менен жөнгө салынат. Мамлекеттик кызматкерде кызыкчылыктардын конфликтиси пайда болгон учурда, жетекчилик терс кесепеттерди алдын алуу боюнча чараларды кабыл алышы керек: мамлекеттик кызматкерди кызматтык милдеттерди аткаруудан убактылуу четтетүү; мамлекеттик кызматкердин кызматтык милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөөнү күчөтүү.

б) мамлекеттик кызматкерлердин аларга каратылган мыйзамдуу талаптарга ылайык аракеттенүү зарылдыгын орнотуучу милдеттер:

• ыйгарым укуктарды аларга берилген укуктардын чегинде жана кызматтык милдеттерге ылайык аткаруу. Мамлекеттик кызматкер мыйзамдын, анын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу кызматтык инструкциялардын, жоболордун чегинде гана аракеттенүүгө укуктуу. Белгилүү болгондой, кызматтык укуктар менен милдеттер өзүнчө жактардын жеке кызыкчылыктары менен эмес, мамлекеттин жана мамлекеттик органдардын максаттары жана милдеттери менен негизделген.

• Мыйзам менен орнотулган, мамлекеттик кызматты өтөө менен байланыштуу болгон чектөөлөрдү өзүнө кабыл алуу. Биз мындай чектөөлөрдү мамлекеттик кызматкердин укуктук макамынын өз алдынча элементтеринин бири катары карайбыз.

• өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарылуучу, тийиштүү мамлекеттик органдардын жана жогору турган жетекчилердин буйруктарын, көрсөтмөлөрүн жана башка чечимдерин аткаруу. Белгилүү болгондой, мамлекеттик кызмат тармагында координация жана субординация сыяктуу башкаруу моделдери бар.

в) мамлекеттик-кызматтык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу үчүн мамлекеттик кызматкерлердин жоопкерчиликтерин орнотуучу милдеттер:

• мамлекеттик жана эмгектик тартипти сактоо. Тартип – индивиддин ишмердүүлүгүн мүнөздөөчү, анын жүрүм-турумунун социалдык баасын чагылдыруучу категория. Биздин көз карашыбызда, тартип субъективдүү мааниде мамлекеттик кызматкердин ишмердүүлүгү менен толук мүнөздөлөт, юридикалык жазылмалардын ченемдерин жана орнотулган тартипти сактоодо чагылдырылат.

• мыйзамдар менен орнотулган кызматтык этиканын ченемдерин сактоо. Белгилүү болгондой, мамлекеттик кызматкерлер тарабынан ишке ашырылуучу функциялар мамлекеттик программаларды иш жүзүнө ашырууну камсыздайт, көбүнесе жарандардын жеке укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү болот. Бул, албетте, жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүктү, жоопкерчиликти, мыйзамдуулукту жана моралдык-этикалык ченемдерди так сактоону талап кылат.

• өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик квалификациянын деңгээлине ээ болуу. Өзүнүн кызматтык милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик квалификациянын деңгээлине ээ болуу үчүн кесиптик деңгээлди жана квалификацияны дайыма жогорулатып туруу керек. Мамлекеттик-кызматтык мамилелердин субъектиси болуп туруп, мамлекеттик кызматкер өзүнүн ыйгарым укуктарын сапаттуу аткаруусу керек.

г) контрагентке ал укуктуу болгон пайдаларды колдонууга көмөктөшүү талабын орнотуучу милдеттер: жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга жол бербөө; мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, жарандардын кайрылууларын өз убагында жана объективдүү кароо, аларга карата мыйзамдарга ылайык чечим кабыл алуу.

• кызматтык милдеттерин аткаруу маалында алынган жарандардын кадыр-баркына, беделине же жеке жашоосуна тиешелүү маалыматтарды сыр бойдон сактоо жана мыйзамда каралган учурлардан тышкары, жарандардын мындай маалыматтарды берүүнү талап кылбоо. Бул талап кызматтык ыйгарым укуктарды ишке ашырып жаткан учурга эле эмес, ошондой эле мамлекеттик-кызматтык мамиле бүткөндөн кийин дагы жайылышы керек, себеби, биздин көз карашыбызда, адамдын жеке кызыкчылыктарына тиешелүү болгон маалыматтардын эскилик мөөнөтү жок,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



алар дайыма актуалдуу.

• мамлекеттик, кызматтык жана башка мыйзам менен корголгон сырды сактоо, анын ичинде мамлекеттик кызмат бүткөндөн кийин дагы мыйзам менен орнотулган мөөнөттө жана тартипте. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик сырларга мамлекеттик жана кызматтык сырды түзгөн, мамлекет тарабынан корголуучу маалыматтар кирет. Мамлекеттик сыр – бул аларды ачыктоо же жоготуу Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна зыян алып келген же алып келе ала турган, аскердик, экономикалык, саясий мүнөздөгү маалыматтар. Кызматтык функцияларды ишке ашыруу максатында мамлекеттик сыр катары мамлекет тарабынан корголгон маалыматтарды сурап жаткан мамлекеттик органдар, бул маалыматтарды коргоону камсыз кылуучу шарттарды түзүүгө милдеттүү. Бул маалыматтар менен таанышуу боюнча орнотулган тартиптин сакталышы үчүн мамлекеттик органдын жетекчиси жеке жоопкерчиликтүү болот. Мамлекеттик сырлар жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарынын аткарылышынын кепилдиги – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси менен каралган мамлекеттик же кызматтык сырды ачыктагандык үчүн жоопкерчилик.

• мамлекеттик мүлктүн жана менчиктин сактыгын камсыздоо жана этият мамиле кылуу. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана жеке менчик таанылат жана бирдей түрдө корголот. Жер жана анын байлыктары, суулар, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү, табият ресурстары мамлекеттик менчиктин объектилери болот. Мамлекеттик менчикти колдонуу коомдук кызыкчылыктарга кызмат кылышы керек.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамынын мамлекеттик кызмат өтөө менен байланыштуу болгон чектөөлөр жөнүндөгү 11-беренеси өзүнүн мазмуну боюнча тыюу салуучу-милдеттендирүүчү мүнөзгө ээ (конкреттүү иш-аракеттерди жасоого тыюу салууда жана мыйзамдар менен каралган иш-аракеттерди жасоого милдеттендирүүдө чагылдырылат). Бардык чектөөлөр мамлекеттик кызматтагы ыйгарым укуктарды аткаруунун жалпы мезгилинин жүрүшүндө абсолюттук жана ажыратылгыс болушат.

Ишкерлик менен алектенүүгө, анын ичинде коммерциялык уюмду башкарууга, катышууга (эгерде бул мамлекеттик кызматкердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен орнотулган кесиптик ыйгарым укуктарынын катарына кирбесе), тыюу салуунун максаты, биринчи кезекте, мамлекеттик органдардын натыйжалуу иштөөсү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Мамлекеттик кызматкер тарабынан өзүнүн ыйгарым укуктарын толук кандуу кесиптик ишке ашыруу жеке сүймөнчүлүктөрдөн, кимдир бирөөлөрдүн кызыкчылыктарын лоббилөөдөн сырткары болушу керек. Кыргыз Республикасынын “Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндөгү” мыйзамы менен аныкталган дефиницияга ылайык, ишкерлик – бул физикалык жана юридикалык жактардын өз коркунучтары жана өзүлөрүнүн мүлктүк жоопкерчилиги алдында, өздүк же аласа алынган каражаттардын эсебинен өзүлөрүнүн атынан аткарылуучу, киреше алууга багытталган өз алдынча демилгелүү экономикалык ишмердүүлүк.

Мамлекеттик кызматкер тарабынан анын кызматтык ишмердүүлүгүн камсыздаган материалдык-техникалык, каржылык жана маалыматтык каражаттарды, башка мамлекеттик мүлктү жана кызматтык маалыматтарды кызматтык эмес максаттарда колдонуу дагы, мыйзам менен мыйзамсыз аракеттер катары аныкталган. Мамлекеттик кызматкерлер кызматтык ыйгарым укуктарын сапаттуу аткаруусу, мамлекеттик органдар толук кандуу иштөөсү үчүн шарттарды түзүү максатында мамлекет, мамлекеттик органдардын алдынкы каражаттары жана технологиялар менен толук материалдык камсыздалуусун ишке ашырат. Бул чектөө чиновниктердин арасындагы керектөөчүлүк мамиленин пайда болуусуна, кызматтык абалын кыянаттык менен пайдаланууга, кызматтык маалыматтарды жеке кызыкчылыктарда жана максаттарда колдонууга тоскоолдуктарды жаратууга багытталган.

Кызматтык ыйгарым укуктарды аткарууга байланыштуу болгон аракеттерди же аракетсиздиктерди жасагандык үчүн үчүнчү жактардан белек, акча жана кызмат көрсөтүү түрүндөгү сыйлоолорду алуу. Биздин көз карашыбызда, формалдуу эмес кызматташууга мамлекеттик органдардын өкүлдөрү дагы, ошондой эле жарандар, юридикалык жактар дагы кызыкдар болушу мүмкүн. Буга байланыштуу, бул чектөө кызматтык ыйгарым укуктарды жеке пайда алуунун, жеке кызыкчылыктарды канааттандыруунун каражаты катары колдонуу ыктымалдуулугунун алдын алмак.

Белектерди протоколдук жана башка расмий иш-чаралардагы меймандостуктун жана сылыктыктын жалпы кабыл алынган ченемдерине ылайык, символикалык сувенирлерден айырмалоо үчүн, төмөнкүлөрдү эске алуу керек: мурда жасалган кызматтык аракеттери (аракетсиздиктери) үчүн аны тапшыруу жөнүндөгү алдын ала макулдашуунун бар болуусун;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



талаштуу предметте олуттуу материалдык баалуулуктун бар болуусун жана анын наркын; аны берүүнүн конкреттүү кырдаалдарын; талаштуу предметти алуунун кызматтык функцияларды аткаруу менен байланышы бар болуусун жана мүнөзүн.

Мамлекеттик кызматкердин жеке мүлкүн ижарага берүү жана андан киреше алуу укугу жөнүндөгү маселе Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынбайт. Биздин көз карашыбызда, мүлктү ижарага берүү ишкерликтин бир түрү, себеби ал ишкерликтин белгилерине жооп берет: а) демилгелик ишмердүүлүк; б) киреше алуу; в) жарандардын өзүлөрүндө жеке менчиктин бар болуусу; г) жарандардын атынан өзүлөрүнүн мүлктүк жоопкерчилиги алдында аткарылат. Ошону менен, мүлктү ижарага берүүнүн бардык уюштуруучулук маселелери мүлктү ишенимдүү башкаруунун предмети болушу керек.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик кызматкердин киреше алып келүүчү мүлктөрү жөнүндөгү маселе абдан актуалдуу жана көпчүлүк учурларда массалык маалымат каражаттарындагы талкуулардын предмети болуп келет. Биздин көз карашыбызда, бул эң акыркы чара, себеби, мындай шарт өзүнүн билимин жана жөндөмдөрүн мамлекеттик кызматка арнагысы келгендерди тандоо алдында коюшу мүмкүн. Мындай тандоо мамлекеттин пайдасына эмес болуп калышы дагы толук ыктымал.

Улуттук мыйзамдар менен каралган кийинки чектөө – бул жакын туугандардын бир кызматта иштөөсүнө жол бербөө.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызматкер анын жакын туугандары (ата-энеси, балдары, жубайлары, бир туугандары) ээлеген кызматка түздөн-түз баш ийген кызматты ээлей албайт. Жогоруда белгиленгендей, мамлекеттик кызмат коюлган милдеттерди аткарууга кесипкөйлүк жана жогорку нравалык мамиле кылууга гана негизделбестен, ошондой эле саясий жана материалдык кызыкчылыктардан дагы, уруулук-тууганды жана корпоративдик байланыштардан дагы эркин болушу керек. Ошондой эле, биздин көз карашыбызда, мамлекеттик кызматкердин саясий ишмердүүлүк менен алектенүү, тактап айтканда, ар кандай саясий партиялардын ишмердүүлүгүнө катышуу, мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү маселе жакшы каралбай калууда. Биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын “Саясий партиялар жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, мамлекеттик кызматкер өзүнүн кызматтык ишмердүүлүгүнөн сырткары  гана партиялык ишмердүүлүк жүргүзүүгө укуктуу. Белгилүү болгондой, каалаган саясий партиянын ишмердүүлүгү өздүк максаттарды жана милдеттерди, программалык артыкчылыктарды ишке ашырууга багытталган.

Жыйынтыктап жатып жогоруда анализделген укуктук-ченемдик актылар жана окумуштуулардын ой-пикирлери мамлекеттик кызматкерлердин жана жалпы мамлекеттик кызматтын ишмердүүлүгү мүмкүн болушунча ачык-айкын, коом үчүн жеткиликтүү, мамлекеттик түзүлүштүн туруктуулугун, мамлекеттик институттардын нормалдуу иштөөсүн камсыздоого, жарандардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын артыкчылыгына багытталуусу керек экендигин айгинелейт.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө” редакцияда). (В редакции Закона КР от 28 декабря 2016 года №218).
2. «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2016-жылдын 30-майы.
3. Бахрах Д.Н. Россия Федерациясындагы мамлекеттик кызмат: Дарстар тексти. - Екатеринбург, 1995.
4. Жанузаков Л.Т. Проблемы взаимодействия местных представительных и исполнительных органов Республики Казахстан. - 2007.
5. Ноздрачев А.Ф. Государственная служба: Учебник для подготовки государственных служащих. - М., 1999.
6. Шерипов Н.Т. Государственная гражданская служба (административно-правовое исследование): Автореферат диссертации на соискание ученой степени д.ю.н. - Тюмень. 2011.